УДК 378.937:378.147:494.3

**Сүйүн кызы Гүлзат**
И.Арабаев атындагы КМУнун кыргыз тили жана окутуунун технологиясы кафедрасынын аспиранты
**Сүйүн кызы Гүлзат**
Аспирант кафедры кыргызского языка и технология ее обучения КГУ им. И. Арабаева
**Suiun kyzy Gulzat**
The post-graduate student Department of the Kyrgyz language and technology its teaching of the KSU named after I.Arabaev

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫНДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИНИН УЮШТУРУУНУН ШАРТТАРЫ

# УСЛОВИЯ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ ПО ОБУЧЕНИЮ КЫРГЫЗСКОМУ КАК ВТОРОМУ ЯЗЫКУ В ВУЗАХ

# CONDITIONS FOR ORGANAZING STUDENTS' INDEPENDENT WORK ON TEACHING KYRGYZ AS A SECOND LANGUAGE IN HIGHER EDUCATION INSTITUTION

**Аннотация:** Макалада өз алдынча ишти уюштуруунун бир нече түрлөрү, мүмкүнчүлүктөрү каралган. Ошондой эле студенттердин профессионалдык компетенциясынын калыптануусуна таасир этүүсү белгиленген. Макалада автор тарабынан студенттердин өз алдынча ишинин формасынын жана түрүнүн квалификациясына болгон мамилеге анализ жүргүзүлгөн. Ошону менен катар өз алдынча иштин түрүнүн өздөштүрүү деңгээлине ылайык сунушталат. Студенттердин өз алдынча ишине болгон кызыгуусун арттыруу үчүн заманбап, илимий түрдө негизделген окуу- методикалык каражаттар керек. Анын жардамы аркылуу студент өз алдынча ишмердүүлүк процессинде өзүнүн жеке окуп үйрөнүү жолун кура алат. Мугалимдин тапшырмасы бул педагогикалык каражаттардын комплекси тууралуу түшүнүк берүү, алардын мүмкүнчүлүктөрү жана максаттуу багыттары ( конкреттүү тапшырманы аткаруу үчүн адабият булактарын алмаштырбай көрсөтүү), жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тандоо принциптерин берүү.

**Аннотация:** В представленной статье исследователем рассмотрены некоторые возможности организации самостоятельной работы, а также ее влияние на формирование профессиональных компетенций студентов. В статье авторами приводится анализ различных подходов к квалификации видов и форм самостоятельной работы студентов, предлагается соответствие типа самостоятельной работы уровням усвоения. Для развития у студентов мотивации к самостоятельной работе нужны современные, научно обоснованные учебные и методические пособие как средства, с помощью которых студент может выстроить индивидуальную траекторию самообучения в процессе самостоятельной деятельности. Задача преподавателя – дать представление о комплексе педагогических средств, их возможностях и целевом назначении (не подменяяуказанием литературных источников для выполнения конкретного задания), о принципах выбора с учетом индивидуальных особенностей.

**Annotation:** In presented article the explorer considers some possibilities of the organization of independent work, and also its influence on formation of professional competences of students. In the article the authors analyze different approaches to the classification of types and forms of students' independent work, suggest the conformity of an independent work type with acquisition levels.

To develop students' motivation for independent work, modern, scientifically based teaching and methodological aids are needed as a means by which a student can build an individual trajectory of self-learning in the process of independent activity. The task of the teacher is to give an idea of the

complex of pedagogical tools, their capabilities and purpose (not replacing literary sources for a specific task), the principles of choice, taking into account individual characteristics.

**Негизги сөздөр**: оз алдынчалуулук; квалификация; маалыматтык камсыздоо; технология; методика; дискуссия; реферат.

**Ключевые слова**: самостоятельность; квалификация; информационное обеспечение; технология; методика; дискуссия; реферат.

**Keywords**: independence; classification; information support; technology; a procedure; discussion; essay;

Жогорку окуу жайларында аудиториялык сааттын кыскарышы жана студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн пайдасына сааттардын санынын көбөйүшү кайсыл гана жогорку окуу жайы болбосун анын окуу процессин уюштуруусуна таасир этет.

Азыркы учурда студенттердин өз алдынча иштери Кыргыз республикасынын билим берүү стандарттарында, окуу пландары жана программаларында каралган.

Азыркы окуу процессинде студенттердин өз алдынча ишинин уюштурулушу жаңыча мааниге ээ болууда. Анткени, студенттердин өз алдынча иши акырындап, окуу процесин уюштурууда орчундуу мааниге ээ болууда. Заман талабына ылайык студенттер үчүн өз алдынчалык деңгээл биринчи орунга чыгууда. Себеби студент келечекте бүтүрүүчү болгонго чейин өз алдынча иш жүргүзүп билим алуусу анын адис катары билим сапатынын жогору болуусун шарттайт.

Студенттердин өз алдынча ишинин күчөтүлүшү, жаңы окуу методдорун жана окуу каражаттарын, ошону менен бирге окуу процессинде жаңы технологияларды жайылтуунун методикасын уюштурууну жаңылайт.[1,с.223]

Студенттердин өз алдынча иши тууралуу аныктама коомдо окутуучулар жэке турмуштук жана педагогикалык тажрыйбасына таянып ар түрдүү багытта айтылып келет. Алсак, студентин өз алдынча иши - бул окуунун ар кайсы формасында мугалимдин жетекчилиги астында аткарылуучу студенттин өз алдынча илимий-изилдөө иши. Башкалары төмөнкүчө талдашат, мисалы: студентин өз алдынча иши - бул окуу процессинен сырткары белгилүү бир убакытта, окутуучунун кийлигишүүсүз, студенттин алган билим тажрыйбасына таянып өз алдынча иш алып баруусу.

Биздин пикирибизче студентин өз алдынча иши – бул окуу процессинин маанилүү формасы болуп, окутуучунун жетекчилиги жана көзөмөлү астында билимге ээ болуу жана бекемдөө үчүн жасаган студенттин жеке чыгармачылык иши. Бул түшүнүк астында студенттин илимий көз карашы калыптанат жана алган билимин, тажрыйбасын практикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алуусуна жеке ынануусу пайда болот.

Жеке индивидуалдык тапшырманы иштеп чыгууда мугалимде максатын, көлөмүн, мазмунун аныктоодо бир катар маселелер жаралат. Жеке индивидуалдык тапшырманы иштеп чыгууда ВУЗдун спецификасын, адистиктин өзгөчөлүгүн, окурмандын психологиясын (б.а окурмандын предметке болгон кызыгуусуна эмне түрткү берет) эске алуу керек.[2,с.88]

Студенттин өз алдынча иштеринин формалары жана түрлөрү:

● тандалган багыт боюнча негизги жана кошумча адабияттарды пайдалануу;

●колдонулуучу адабияттарды тандоодо китепканадагы каталогдор менен иштөө;

● китеп түрүндөгү сөздүктөр жана справочниктер, ошондой эле электрондук сөздүктөрдү жана справочниктерди колдонуу;

● интернет булактарынан тиешелүү маалыматтарды алуу;

●өздөштүрүлгөн материалдарга анализ жүргүзүү (пикир аннотация жазууну үйрөнүү);

● глоссарий түзүү;

● предметке, темага байланыштуу аудио жана видео материалдарды пайдалананнуу жана аны сүрөттөп айтып берүү;

●жеке чыгармачылык менен түрдүү тапшырмаларды жасоо ( портфолио, презентация жасоо);

●практикалык тапшырмалардын түрлөрүн аткаруу( суроолорго жооп даярдоо,көнүгүүлөрдү аткаруу,текстер менен иштөө);

●рефераттарды жана докладтарды жасоо;

●берилген тексти кыргыз тилинен орус тилине же тескерисинче орус тилинен кыргыз тилине жазуу жүзүндө, ошону менен бирге электрондук вариантта которуу сыяктуу өз алдынча иштердин түрүн аткарса болот.

Алгач,окуу процессинен сырткары студентти өз алдынча иштөөгө тарбиялоо керек. Анткени, “өз алдынча иштөө ” эмне экенин түшүнбөй туруп студент бул процесске сүңгүп кире албайт. Бул маселе боюнча дагы окумуштуулардын жеке билдирүүсү бар. Мисалга алсак: окумуштуу К.Д. Ушинский [6]окуу процессинде өз алдынча иштн жакшыртуу керек экендигин белгилейт.

Ал “ Дайыма окурманга тигил же бул таанып билүүнү гана үйрөтпөстөн, мугалимдин жардамысыз, жаңы таанып билүүгө ээ болуу үчүн, эң оболу, каалоосун жана өз алдынчалык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү керек.”

Акыркы мезгилде Кыргызстандын дээрлик көпчүлүк окуу жайларында аудиториялык жана өз алдынча иштөө сааттарына теңме тең б.а ар бирине 50% пайыздан убакыт бөлүштүрүлдү. Ошондуктан өз алдынча ишке бөлүнгөн сааттар кандай жана канчалык сапаттуу пайдаланылып жатканы бүгүнкү күндө ачык суроо бойдон калууда.[7,с.32]

Өз алдынча ишти уюштуруунун шарттары.

Студенттин өз алдынча ишинин материалдык техникалык жактан камсыз болуусунун шарттарын төмөнкүчө белгилейбиз:

● Керектүү аудиториялык фонддун бар болуусу. Мисалы, тиешелүү программа менен жабдылган жана интернетке кошулган компьютердик лабораториялык класстардын болуусу. Ощондой эле китепканада окуу залынын жетиштүү орундуктар менен камсыз болуусу;

● Окуу аудиторияларынын жана илимий лабораториялык кабинеттердин приборлор жана керектүү техникалык каражаттар менен жабдылуусу;

● өз алдынча окуу иштеринин инструкциялык жана нормативдик документтеринин бар болуусу;

Окуу методикалык жана информациялык жактан камсыздалуусу төмөнкүлөрдү камтыйт:

● Керектүү сандагы окуу адабияттары: окуу жана көрсөтмө куралдары, кагаз жана электрондук түрдө берилген тексттер,лекциялар;

● Өз алдынча иштин түрлөрүн пландаштыруу жана уюштуруу боюнча окуу-методикалык документациялардын болуусу;

● Керектүү сандагы тапшырмалардын варианттары жана методикалык рекомендациялар;

● Жеткиликтүү сандагы илимий басылмалмардын болуусу; [5,с.104-105]

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда ЖОЖдордо окуу процесси үч стандарттын алкагында жүргүзүлүп жатат. Биринчиси, жеке адистиктер боюнча 2007- жылы бекитилген “Жогорку кесиптик толук билим берүүнүн мамлекеттик стандарты”, экинчиси 2009 - жылы бакалаврды даярдоо үчүн багытталган Жогорку кесиптик билим берүү стандарты,үчүнчүсү, бирдей багыттагы адистиктерди камтыган, 2012 - жылы түзүлгөн “ Жогорку кесиптик билим берүүнүн убактылуу стандарты. Илимий иштин предмети болгон “Кыргыз тилин экинчи тил катары ЖОЖдордо окутууда студенттердин өз алдынча иштери” модулдук – рейтингдик технологияга негизделген стандарттар менен ошондой эле окутуунун кредиттик, дистанттык технологияларына негизделген жаңы стандартка негизделип окутулуп жатат.

Дүйнөлүк билим берүү системасындагы жаңылануулар, Кыргызстандагы билим берүү концепцияларынын жана стандарттарынын улам жаңыланып туруусуна түрткү берет.

Компьютерлердин пайда болушу жана анын барган сайын өнүгүп- өркүндөтүлүшү, ошондой эле ар түрдүү тармактагы илимий жана практикалык ишмердүүлүктө жаңы технологияларды колдонуу да күч алууда. Бул демилгени колодоочу тармактын бири билим берүү системасы болуп саналат. Ушуга ылайык окутуучу программалардын массалык түрдө түзүлүп, алардын билим берүүдө кең-кесири колдонулушу студенттин өз алдынча иштерин аткарууда да көмөкчү болот. Компьютердик окутууну, б.а., электрондук китептерди,

электрондук китепканалар, мультимедиялык электрондук окуу куралын окуу процессине кийирүү, окутууда стандарттык, тажатма стилдерин өзгөртүп, өз алдынча изденүүсүнө түртөт десек, жаңылышпайбыз. Биз бул убакытка чейин өз алдынча иштерди аткартууда студенттерден бир нече барактардан турган, ар кандай акча каражаттарын талап кылуучу окуу куралдары пайдаланылган (айрым студенттер аткарылган иштин мазмундук сапатына эмес, анын сырткы көрүнүшүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, маркерлер, кооз скотчтор менен кооздоп келишет), студенттин өз алдынча иштерин, сабактан тышкаркы белгилүү бир убакытта студенттин убактысын, окутуучунун убактысын да эсепке албастан кабыл алып келгенбиз. Ал аткарылган иштер бир канча жылдарга кафедраларда сакталып, андан кийин алар макулатураларга өткөрүлүшү мүмкүн. Мындай формада өз алдынча иштерди аткартуу студенттердин кайта – кайта кагаз, папкаларды сатып алууга мажбур кылып, ыксыз чыгым болууга алып келет. Ал эми өз алдынча иштерди электрондук формада тапшыруу, аларга даярданууда электрондук китептерди, китепканаларды пайдалануу ишти бир катар жеңилдетип, биринчиден, убакытты үнөмдөп, экинчиден, чыгымды азайтып, окутуучу үчүн да, студент үчүн да пайдалуу экенине, ошондой эле, арлыктан көз каранды болбостон интернет байланышы бар кайсы жерде болсо да өз алдынча ишти аткарып, окутуучу менен байланыша алуу мүмкүнчүлүгү боло ала турганына ынанууга болот. Албетте, окутуунун бул системасында студенттин да окутуучунун да компьютердик сабаттуулугу талап кылынат, б.а., бул этапта педагог компьютердин функцияларын аз да болсо билүүсү, маалыматтарды инструменталдык программага кийирүү жана редакциялоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуусу керек. Муну менен биз улуттук эмес тайпаларда окутуулуучу кыргыз тил сабагында аткарылуучу бардык өз алдынча иштерин компьютерлештирүү менен өз максатыбызга жетебиз деп айтуудан да алыспыз, анткени сабактын спецификалык өзгөчөлүгүнө ылайык өз алдынча иштердин айрым оозеки аткарылуучу; текстти же дидактикалык чыгармалардан, элдик оозеки чыгармалардан айтып берүү же болбосо ыр жаттоо сыяктоо түрлөрүндө, сөзсүз, студент менен окутуучунун көзмө-көз отуруп иш алып баруусу талап кылынат. [3, с.2]

Студенттердин өз алдынча иши аудиториялык иш менен бирге эле окуу процессинин бир формасы катары каралат. Анын ишке ашырылышын окутуучу пландаштыруусу жана көзөмөлдөөсү зарыл. Студенттердин өз алдынча иши дисциплинаны өздөштүрүүгө гана арналбастан, жоопкерчиликти өзүнө ала алуу, өз алдынча көйгөйдү чече алуу, конструктивдүү чечимди кабыл алуу, кризистик кырдаалдан чыгып кете алуу ж.б. жөндөмдүүлүктөргө да ээ кылат.[4,с.108]

Жаңы билим берүү парадигмасына ылайык бардык кесипкөй фундаменталдык билимдерге, өзүнүн профилине жараша билимдерге жана билгичтиктерге ээ болуусу, жаңы көйгөйлөрдү чыгармачыл жана изилдөөчүлүк ишмердүүлүк менен чече алуусу, социалдык-баалоо ишмердүүлүгүнө ээ болуусу керек. Билим берүүнүн акыркы эки түзүүчүсү студенттердин өз алдынча иш процессинде калыптанат. Өз алдынча иш бардык окуу жумуштарынын маселелерин жыйынтыктайт. Анын формалары ар түрдүү үй тапшырмаларынын ар кандай типтери болот. Өз алдынча иштин негизин алынган билимдердин комплекси болгон илимий-теориялык курс түзөт. Тапшырмаларды бөлүштүргөндө студенттерге аларды аткаруу боюнча инструкциялар, методикалык көрсөтмөлөр, керектелүүчү адабияттардын тизмеси берилет. Өз алдынча иш төмөнкүлөргө түрткү берет: - билимдеринин терендешине жана кеңейишине; - таанып билүү ишмердүүлүгүнө кызыгууну калыптандырууга; - таанып билүү процессинин үйрөнүүдө таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө. Дал ошол үчүн адистерди даярдоонун эффективдүүлүгүн жогорулатуунун башкы резерви катары өз алдынча ишти алабыз [5, с. 126].

**Колдонулган адабияттар:**

1. Агибова И.М., Куликова Т.А. Самостоятельная работа студентов в вузе: виды, формы, классификации. Вестник Ставропольского госуниверситета. №71, 2010. Стр.-222.

2. А.Ф. Алханов. Самостоятельная работа студентов. // Науч. журнал высшее образование в России - № 11, - 2005. –С.86-89.

3. Асирдинова Т.Ж, Кадыркулова У. Вестник Иссык-Кульского университета №42, 2016.
4. Беляева, А.В. Управление самостоятельной работой студентов. Высшее образование в России. №6, 2003
5. Сенашенко,В. Жалнина, Н. Самостоятельная работа студентов: актуальные проблемы. Высшее образование в России. №7, 2006
6. Ушинский, К.Д.Собрание сочинений: в 4-х т.Л.: Изд-во АПН, РСФСР, 1948. – Т.2. – 655.
7. Хакунова Ф.П. Проблема организации самостоятельной работы студентов. Вестник Адыгейского Государственного университета. Серия№3. – С.32.